| Кыргыз Республикасы<br>Ош облусу<br>Алай району<br>Кабылан-Көл айылдык кеңеши | | Кыргызская Республика<br>Ошская область<br>Алайский район<br>Кабылан-Колский айильный кенеш |
|---|---|---|

Кабылан-Көл айылдык Кеңешинин 6 – чакырылышынын кезексиз
5-отурумунун

ТОКТОМУ

27. 09.2023-ж № 5 /1 Кабылан-Көл айылы

Кыргыз Республикасынын Ош облусунун
Алай районунун Кабылан –Көл айыл
аймагында административдик
реформаны жүргүзүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-октябрындагы ПЖ №350 «Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүн өркүндөтүү жана региондорду өнүктүрүү боюнча андан аркы чаралар жөнүндө» Жарлыгын жетекчиликке алып, Ош облусунун Алай районунун Кабылан-Көл айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Ош облусунун Алай районунун Кабылан-Көл айыл аймагында административдик-аймактык реформаны жүргүзүү жактырылсын.
2. Кабылан-Көл, Коңур-Дөбө айыл аймактарын бириктирип, Боз-Караган айылын административдик борбор деп аныктоо менен Курманжан Датка айыл аймагы деп аталсын.
3. Ош облусунун Алай районунун Кабылан-Көл жана Коңур-Дөбө айыл аймактарында административдик-аймактык реформаны жүргүзүү боюнча уюштуруу чаралары көрүлсүн.
4. Бул токтом расмий түрдө www.mmk.gov.kg сайтына жарыялансын, Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин Ош облустук башкармалыгынан каттоодон өткөрүлсүн жана расмий жарыялангандан кийин күчүнө кирет.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө регламент боюнча мыйзамдуулук, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү коомдоштуктар менен байланышы боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрайымы : З.Д.Абдыкадырова